Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун
Окумуштуулар Кеңешинин
жыйынында каралды, протокол № 5
31 01 2025-ж.

БЕКИТЕМ
Б.Осмонов ат. ЖАМУнун ректору
К.Ж. Усенов
202 -ж.

# Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин лицензиялык кеңеши жөнүндө жобо

## 1. Жалпы жоболор

Бул «Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Лицензиялык кеңеши жөнүндө» жобо (мындан ары Жобо) Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-июлундагы № 243 «Билим берүүнүн потенциалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө» Жарлыгынын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 21-ноябрындагы № 654 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине мамлекеттик жогорку окуу жайларына өзгөчө статус берүү боюнча өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» токтомунун, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Лицензиялык Кеңеши жөнүндө жобосунун негизинде иштелип чыкты.

2. Лицензиялык кеңеш (ЛК) лицензияларды берүү же берүүдөн баш тартуу, кайра тариздөө, токтото туруу жана узартуу, лицензиянын жарактуулугун токтотуу, лицензияны жокко чыгарууну козгоо, лицензияны таануу, таасир этүү чараларын колдонуу жана даярдоо жөнүндө көз карандысыз жана объективдүү чечимдерди кабыл алуу жана Кеңештин компетенциясына кирген маселелер боюнча университеттин жетекчилигине сунуштарды киргизүү максатында иштейт.

3. Лицензиялык кеңеш өз ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, "Билим берүү жөнүндө", "Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө", "Административдик иштин негиздери жана административдик башкаруу жөнүндө", Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2023-жылдын 14-декабрындагы №334 "Кыргыз Республикасында билим берүү ишин лицензиялоонун тартиби жөнүндө убактылуу жобону, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларын жана ушул Жобону жетекчиликке алат.

## 2. Лицензиялык кеңештин максаттары жана милдеттери

1. Лицензияларды берүү же берүүдөн баш тартуу, лицензияны кайра тариздөө, токтото туруу жана узартуу, токтотуу, лицензияны жокко чыгаруу демилгесин көтөрүү, лицензияны таануу, таасир этүү чараларын колдонуу боюнча чечимдерди өз алдынча жана объективдүү кабыл алуу ЛК негизги максаты болуп саналат.

2. ЛК милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

- бекитилген мамлекеттик билим берүү стандарттарынын жана/же ЖАМУда иштелип чыккан жана бекитилген билим берүү стандарттарынын негизинде билим берүүнүн сапат системасын калыптандырууга жана өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү;
- лицензиялоо маселелери боюнча чечимдерди кабыл алууда объективдүүлүктү камсыз кылуу.

## 3 Лицензиялык кеңештин функциялары

1. ЛК негизги функциялары болуп төмөнкүлөр саналат:

- лицензия алуу үчүн арыз берүүчү тарабынан берилген документтердин толук пакетин кароо;
- ББП лицензиялоо боюнча эксперттик топтун төрагасынын корутундусун талкуулоо;
- билим берүү ишин жүргүзүү укугуна лицензия берүү же берүүдөн баш тартуу

- жөнүндө көз карандысыз жана объективдүү чечим кабыл алуу;
- билим берүү ишин жүргүзүүгө лицензияны кайра каттоо, токтото туруу жана узартуу, же токтотуу жөнүндө көз карандысыз жана объективдүү чечим кабыл алуу;
- лицензиатка карата таасир этүү чараларын колдонуу жөнүндө көз карандысыз жана объективдүү чечим кабыл алуу;
- ЛК компетенциясына кирген маселелер боюнча тегерек столдорду, конференцияларды жана семинарларды уюштуруу жана өткөрүү;
- билим берүү ишин лицензиялоонун тартибин өркүндөтүү боюнча сунуштарды даярдоо;
- лицензиялоо тартибин өркүндөтүүгө багытталган башка функцияларды ишке ашыруу.

## 4 Лицензиялык кеңешти түзүүнүн тартиби

1. ЛК курамына окуу иштери боюнча проректор, лицензиялоо, аккредитациялоо жана билим берүүнүн сапаты бөлүмүнүн башчысы, ошондой эле ЖАМУнуну курамына кирген жогорку жана орто кесиптик билим берүү боюнча түзүмдүк бөлүмдөрдөн беш өкүл кирет.

2. ЛК курамы Кеңештин төрагасынан жана мүчөлөрүнөн турат.

3. ЛК төрагасы болуп окуу иштери боюнча проректор эсептелет.

4. Лицензиялык кеңеш 7 адамдан кем эмес курамдан турат.

5. ЛК курамы университеттин ректорунун буйругу менен эки жылдык мөөнөткө бекитилет.

6. ЛК курамына өзгөртүүлөр университеттин ректорунун буйругу менен да киргизилет.

7. ЛК коомдук башталышта иштейт.

## 5. Кеңештин ишин уюштуруунун тартиби

1. ЛК жыйналыштары эки айда бир жолудан кем эмес жана/же зарыл болгон учурда өткөрүлөт. Зарыл болгон учурда ЛК кезексиз жыйналыштары өткөрүлүшү мүмкүн.

ЛК жыйналышына Кеңештин төрагасы, ал эми ал жок болгон учурда лицензиялоо, аккредитациялоо жана билим берүүнүн сапаты бөлүмүнүн башчысы төрагалык кылат.

2. ЛК ишин камсыз кылуу максатында Кеңештин төрагасы:

- ЛК кезектеги жана кезексиз жыйналыштарын чакырат, аны даярдоону жана өткөрүүнү уюштурат, жыйналыштардын күн тартибин аныктайт;
- ЛК ишин камсыз кылуу боюнча башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат;
- ЛК ишин жакшыртуу боюнча университеттин жетекчилигине сунуштарды киргизет.

3. ЛК төрагасы төмөнкүлөргө укуктуу:

- ЛК курамы боюнча сунуштарды университеттин жетекчилигинин кароосуна киргизүүгө;
- ЛК тарабынан уюштурулган экспертизанын жыйынтыгы боюнча даярдалган аналитикалык маалыматтарды жана башка документтерди университеттин жетекчилигине жеткирүүгө.

4. ЛК мүчөлөрү Кеңештин жыйналыштарында чечимдерди кабыл алууга катышат. Кеңештин мүчөлөрү Кеңештин жыйналышынын күн тартиби боюнча жана Кеңештин компетенциясына кирген ар кандай маселелер боюнча сунуш киргизүүгө, ошондой эле Кеңештин иши жөнүндө маалымат алууга укуктуу.

5. ЛК ишинин негизги формасы болуп "Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө" жана “Билим берүү ишин лицензиялоодо администрациялык иштерди жүргүзүүнүн тартиби, аларды эсепке алуу журналы, административдик актыларды эсепке алуу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамында белгиленген администрациялык тартипте өткөрүлүүчү жыйналыш болуп саналат.

6. ЛК жыйналышын өткөрүүгө ыйгарым укук Кеңештин мүчөлөрүнүн катышуу баракчасынын негизинде аныкталат, анда ушул жыйналышка катышкан Кеңештин

мүчөлөрүнүн фамилиялары жана инициалдары, алардын кол тамгалары жана датасы көрсөтүлөт. Кеңештин жыйналышына Кеңештин мүчөлөрүнүн үчтөн экисинен кем эмеси катышууга тийиш.

7. ЛК чечими, эгерде ал үчүн Кеңештин жыйналышына катышкан Кеңештин мүчөлөрүнүн көпчүлүгү добуш берсе, кабыл алынды деп эсептелет. Добуштар тең болгон учурда Кеңештин төрагасы добуш берген чечимге артыкчылык берилет. 5 (беш) жумушчу күндүн ичинде Кеңештин чечиминин протоколуна Кеңештин төрагасы, жооптуу кызматкери жана катчысы кол коет.

8. ЛК чечими «Билим берүү ишин лицензиялоодо администрациялык иштерди жүргүзүүнүн тартиби, аларды эсепке алуунун жана административдик актыларды эсепке алуунун журналы жөнүндө» жобого ылайык протокол менен таризделет.

9. ЛК чечими ЖАМУнун Окумуштуулар Кеңешинин кароосуна сунушталат. Протоколдун чечиминин негизинде лицензиялык бланк түзүлөт, ага ректор кол коет жана университеттин гербдүү мөөрү менен күбөлөндүрүлөт.

10. Лицензияларды берүү жөнүндө Окумуштуулар Кеңешинин жыйынында кабыл алынган чечимдер ЖАМУнун лицензиялардын реестрине киргизилет, ошондой эле университеттин расмий сайтында жайгаштырылат.